| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ<br><br>САДЫР АКЕ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>САДЫР АКЕ |
|---|---|---|

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XIII сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын сентябрь айынын 16ы №111** **Темир айылы**

**Мамлекеттик актыга өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Ысык-Көл райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгынын макулдашуу баракчасына ылайык жана Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин “Жер, агрардык реформа, өнөр жай курулуш жана архитектура, транспорт, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана кайра иштетүү, экология, өзгөчө кырдаал, мелиорация, таза суу, жайыт маселелери боюнча” туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 09-сентябрындагы №12-протоколунун негизинде, Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Садыр Аке айыл аймагындагы Григорьевка айылынын Панфилов атындагы көчөсүнүн №36 дарегинде жайгашкан №4-бала бакчанын жерге болгон мамлекеттик актысына өзгөрүү киргендигине байланыштуу аталган бала бакчанын жери S=11665м$^2$ менен бекилсин.
2. Токтомдун аткарылышы Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Н.А. Молдакматовго милдеттендирилсин.
3. Токтом массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын жана мамлекеттик укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
4. Токтомду көзөмөлгө алуу “Жер, агрардык реформа, өнөр жай курулуш жана архитектура, транспорт, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана кайра иштетүү, экология, өзгөчө кырдаал, мелиорация, таза суу, жайыт маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.А. Мамытов**

*Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Айыл өкмөткө-1.*